**УДК:433.9.908.(91)**

**КАРА-КӨЛ ШААРЫ – КЫРГЫЗ ЭНЕРГЕТИКАСЫНЫН БОРБОРУ КАТАРЫНДА**

**Жумашова Гүлзада Султановна,**
*тарых илимдеринин кандидаты, доцент.*
*Ош мамлекеттик университети,*
*Ош шаары, Кыргыз Республикасы,*
gjumasheva@oshsu.kg: jumasha83@mail.ru

**ГОРОД КАРА-КОЛ – ЦЕНТР КЫРГЫЗСКОЙ ЭНЕРГЕТИКИ**

**Жумашова Гүлзада Султановна,**
*кандидат исторических наук, доцент,*
*Ошский государственный университет,*
*г. Ош, Кыргызская Республика,*
gjumasheva@oshsu.kg: jumasha83@mail.ru

**THE CITY OF KARA-KOL IS THE CENTER OF KYRGYZ ENERGY**

**Zhumashova Gulzada Sultanovna,**
*Candidate of Historical Sciences,*
*associate professor,*
*Osh State University,*
*Osh city, Kyrgyz Republic,*
gjumasheva@oshsu.kg: jumasha83@mail.ru

**Аннотация.** Акыркы жылдарда Кыргызстанда болуп жаткан сапаттык өзгөрүүлөр, калктын топторунун жана функционалдык багыттарынын анын ичинде ото жана чакан шаарлардын тарыхы, андагы жашаган калктуу конуштарынын деңгээлинде билимдин жаңы прикладдык тармактарын салттуу ыкмаларды пайдалануу жана региондук жана муниципалдык өнүгүү проблемаларын изилдөө кайрадан карап чыгууну талап кылды. Мына ошондуктан бул макалада цивилизациянын өнүгүүсүндөгү азыркы тарыхый бурулуштун шартында Жалал-Абад облусундагы орто жана чакан шаарларды изилдөө кызыгууну күчөтүүдө, анткени шаарлар коомдун экономикалык, демографиялык, финансылык, маданий жана интеллектуалдык потенциалын сактап гана тим болбостон, ошондой эле башкаруучулук пландарды ишке ашыруучу борбор катары кызмат кылып келген. Кара-Көл шаарынын курулушу жана анын бүгүнкү күндөгү абалы ар дайыма изилдөөгө жана перспективалык пландарга муктаж экендиги баарыбызга маалым.

**Ачкыч сөздөр:** Кара-Көл шаары, ГЭС, энергетика, курулуш, механизация, Нарын ГЭСи, адистер, жумушчулар, гидрокуруучулар, техника , башкармалык, кампа.

**Аннотация.** Качественные изменения, происходящие в Кыргызстане за последние годы, история больших и малых городов, включая группы населения и функциональные направления, использование традиционных методов новых прикладных областей знания на уровне проживающих в них населенных пунктов, изучение проблем регионального и муниципального развития требовали переосмысления. Именно поэтому в данной статье в условиях современного исторического поворота в развитии цивилизации все больший интерес представляет изучение средних и малых городов Джалал-Абадской области, ведь города не только сохраняют экономическую, демографическую, финансовую, культурный и интеллектуальный потенциал общества, но и он также служил центром реализации планов управления. Все мы знаем, что строительство города Кара-Куль и его современное состояние нуждаются в постоянных исследованиях и перспективных планах.

**Ключевые слова:** г. Кара-Куль, ГЭС, энергетика, строительство, механизация, Нарынская ГЭС, специалисты, рабочие, гидростроители, оборудование, управление, склад.
**Abstract.** The qualitative changes taking place in Kyrgyzstan in recent years, the history of large and small cities, including population groups and functional areas, the use of traditional methods of new applied areas of knowledge at the level of settlements living in them, the study of regional and municipal development problems required rethinking. That is why in this article, in the conditions of the modern historical turn in the development of civilization, the study of medium and small towns of the Jalal-Abad region is of increasing interest, because cities not only preserve the economic, demographic, financial, cultural and intellectual potential of society, but also but it also served as the center for the implementation of management plans. We all know that the construction of the city of Kara-Kul and its current state require constant research and long-term plans.
**Key words:** Kara-Kul city, HPP, energy, construction, mechanization, Naryn HPP, specialists, workers, hydraulic builders, equipment, management, warehouse.

**Киришүү.** Шаар калкынын маданиятынын өсүшү. Шаарлар административдик бийликтин, сооданын, кол өнөрчүлүктүн борборлору жана согуштук чеп катары эзелтен эле Нилдин куйган жеринде жана Евфрат менен Тигрдин бойлорунда пайда болгон. Капитализмдин, ири машина индустриясынын. транспорттун жана дүйнөлүк рыноктун өнүгүшү менен шаарларда өнөр жай ишканалары топтолуп, алардын көбү транспорттун түйүнүнө жана соода борборлоруна айланып, административдик жана маданий борбор катары алардын мааниси жогорулай баштады. XX кылымдын аягында негизинен өндүрүшкө байланышпаган тармактардын өсүшүнүн натыйжасында шаарлардын мааниси андан ары өркүндөп өстү.

Бирок, бир гана тоо-кен өндүрүшү, курорттук же илимий жана борбордук функцияны аткарган шаарлар да бар. Азыркы кездеги калктын жайгашуусу шаарлардын географиясы менен аныкталат. Шаарлар тегерегиндеги айыл-кыштактардын жана жаратылыш чөйрөсүнүн абалдарына да чон таасирин тийгизет.

Кыргыз Республикасында шаар калкынын саны 36% ды түзөт, анын аймагында 30дан ашык шаарлар жайгашкан, негизги айырмалоочу өзгөчөлүгү - шаарлашуу процесстери тоолуу аймакта өнүгөт. Шаардык аймактар, эреже катары, негизинен, Кыргыз Республикасынын өрөөнүндө жана жапыз тоолуу зонасында, кээ бир шаар системаларын эске албаганда, орто тоолуу бөлүгүндө жайгашкан.

Өзүнүн жашоосунун бир кылымдан ашык мезгилинде ал кичинекей гарнизондук чептен республиканын ири өнөр жай жана маданий борборуна айланган. Акыркы 20 жылда урбанизация темпи стихиялуу мүнөзгө ээ болду. Шаардын айланасында жаңы курулган имараттар өсүп, инфраструктурасы жок аз кабаттуу үйлөр курулуп, санитардык-эпидемиологиялык жана экологиялык абалды кыйла начарлатты[6,8].

2022-жылы энергетиктер, гидрокуруучулардын шаары аталган Кара-Көл шаарынын түзүлгөнүнө 60 жыл толду. СССРдин Энергетика министрлиги тарабынан 1962-жылы 16-июнда «Токтогул ГЭСи, Кара-Көл шаарчасы курулсун» деген буйрук чыккан. Ага чейин апрель айынан тартып Үч-Коргон ГЭСин курган гидроэнегокуруучулар Кара-Көл посёлогун жана ГЭСти курууга келишкен. Алар Шамалды-Сай «Нарынгидроэнергокурулуш» башкармалыгынан жөнөтүлгөн. Тактап айтканда, механизацияланган иштердин тилкесинин башчысы К.Хуриев баштаган 12 адам келип, Токтогул ГЭСин курууга алгач жол сала баштаган.

1962-жылы Кара-Көл шаарчасы (поселок) негизделген негизделгенден кийин, жергиликтүү бийлик катары поселкалык совет түзүлгөн. Поссоветтин биринчи төрагасы болуп Каипов Бекташ дайындалып, 1965-жылга чейин үзүрлүү эмгектенген.

Ал эми 1965-жылдан 1977-жылга чейин Кара-Көл паселоктук совететинин аткаруу комитетинин төрагасы болуп, Масиров Камчыбек шайланган жана көрсөтүлгөн ишенимди абийирдүүлүк менен аткарып жемиштүү иштеген[2,79].

1977-жылдын 7-январдагы Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Президумунун Указы менен поселок областы баш ийген шаар болуп статусу өзгөрүлөт. Шаардын статусун алганга байланыштуу Кыргыз ССРинин Жогорку Совететинин Президумунун 1977-жылдын 7-январындагы №1279-IX токтому чыгып, Кара-Көл шаарында жайгашкан шайлоо округдары боюнча шайланган Таш-Көмүр шаардык советинин депуттары кезектеги шайлоо өткөнгө чейин депутаттардын Кара-Көл шаардык советинин депуттары болуп эсептелип, шайлоочуларынын өкүлү болушкан. Ошол эле жылдын 27-апрелиндеги 1-чакырылышындагы Шаардык советинин депутаттарынын биринчи уюштуруу сессиясы өтүп, шаардык советтин аткаруу комитетинин төрайымы болуп, Абдысаматова Роба Насыровна шайланган.

Р.И. Абдысаматова аткаруу комитетинин төрайымы катары шаардын өнүп-өсүшүнө чоң салым кошкон.

Р. Насыровнанын принципиалдуулугу, тырышчаактыгы менен шаарда көп социалдык объектилер курулган: маданият үйү, оорукана, жолдор, тратуарлар оңдолуп салынган.

1980-жылдын ноябрь айында Роба Насыровнанын партиялык ишке өткөндүгүнө байланыштуу шаардык советинин аткаруу комитетинин төрагасы болуп Паньков Александр Иванович шайланган.

1987-жылы А.И.Паньковдун башка жумушка которулгандыгына байланыштуу, шаардык советинин аткаруу комитетинин төрагасы болуп, Абдыкалыков Орозмат шайланып, 1990-жылдын июль айынын партиянын шаардык комитетинин биринчи катчылыгына дайындалган.

1990-жылдын июнь айынан 1992-жылга чейин шаардык советинин аткаруу комитетинин төрагасы болуп Масиров Кошбай Мисирович шайланган[5,28].

Советтер Союзунун таркашы менен, Кыргыз Республикасы эгемендүү мамлекет катары мамлекеттик башкаруу системасын өзгөртүп, аткаруу комитетинин ордуна 1992-жылы мамлекеттик администрация түзүлүп, Кара-Көл шаардык мамлекеттик администрация башчысы акими болуп Масиров Кошбай Мисирович дайындалган. Ал Кара-Көл шаарынын социалдык-экономикалык өнүгүшүнө чоң салым кошкон. 1992-жылы Масиров Кошбай Масировичтин тырышчаактыгы менен анын шаардын ал убактагы жетекчилери менен бирдиктүү иш жүргүзө алгандыгынын жыйынтыгында шаардын коммуналдык чарбасы Каскад Токтогул ГЭСтеринин өндүрүлгөн электроэнергиясынын өздүк наркына отургузулган. Ошентип азыркы убакта шаардыктар үчүн баардык жакшы шарттар түзүлүп, кышкысын жылуулук менен камсыз болушун, муздак суусу ж.б. баардык коммуналдык кызмат боюнча маселелери чечилген. Мындан сырткары өзгөчө белгилеп кете турган маселе: ТГЭС Каскадынын директору Б. Иманалиев менен бирдикте өз учурунда маселени коюп шаардын жылуулук системасын электр энергия мененжылуутуга өткөргөн. Кошбай Масирович акимиат институтунун түптөлүшүнө өзгөчө салым кошкон.

1996-жылдын 1999-жылга чейин шаардык мамлекеттик администрациясынын башчысы-акими болуп Бекбоев Турдуназир Бекбоевич иштеген. Турдуназир Бекбоевич иштеген учурда эл менен тыгыз байланышта иштөө, элдин көйгөйлүү маселелерин жакындан

чечүү, шаардын тазалыгын сактоо максатында шаарды 6 аймакка бөлүп, атайын алты кварталдык комитеттерди түзгөн. Кварталдык комитеттер аркылуу элдин көйгөйлүү маселелерин чечкен. Ошондой эле Турдуназир Бекбоевичтин жетекчилиги менен мэриянын астындагы ак кайыңдар жана жол жээгиндеги бак-дарактар эгилген.

1999-жылдан 2001-жылдын июнь айына чейин Кутманова Зебикан Кутмановна мамлекеттик админстрациясынын башчылы-акими болуп иштеген. З. К. Кутманова иштеген учурда шаардын жолдору, тратуарлары ремонттон өткөрүлүп, шаардын көрктөндүрүү, жашылдануусуна өзгөчө көңүл бөлүп, чоң өзгөрүүлөрдү киргизген. Кыска мөөнөттүн ичинде Камчыбек Масиров атындагы көчөсүндө Улуу Ата-Мекендик согушта курман болгондорго эстелик орнотулуп, коомдук бак уюштурулган.

Адыл Дарбишевдин маалыматы боюнча, “Мен Кара-Көлгө 10 жыл болгондо - 1972-жылы келдим. Ал жылы универмаг бар эле. Ал жерге барганда бүт адамдар каскачан, өтүкчөн, куфайкачан жүргөнүн көрдүм. Себеби ал кезде эч ким кийим тандаган эмес. Баары окшош кийинчү. Анан азыркы «Ала-Тоо» дүкөнүнүн ордунда кичине дүкөн бар эле. Мындан сырткары 4 жерде ушул сыяктуу окшош дүкөндөр бар болчу. Саат 8ден кечки 10го чейин иштечү. Ошол дүкөндөрдөн кезек күтүп, нан, сүт сатып алар элек”-деп белгилейт[1,2].

Жатаканада 2000дей адам, аскерден келгендер, иниститутту, училищаны бүтүп келген жаш кадрлар, Токтогул ГЭСти, шаарды курабыз дегендер жашачу. Ошол кезде инженерлердин айлыгы 120 рубль болгон[6,159]. Анда акчанын күчү күчтүү болгон. Анткени 1961-жылы акча алмашкан. Бүт арзан, баарына жетчү. Мына ушундай күндөр шаардын тарых барактарында билип-билинбей, жазылганы жазылып, жазылбаганы ошол мезгилдеги талбай иштеген гидроэнерго куруучулардын көз алдында кала берди. Өз ишин мыкты аткарган, жөнөкөй жумушчулардын талыкпаган эмгеги астында ушул шаар, Токтогул ГЭС курулду. Алардын кээ биринин эмгеги бааланбай, көзү өтүп кеткен.

Кара-Көл шаарында Кыргызстандын Куралдуу күчтөрүнүн Улуттук гвардиясынын №718 аскер бөлүгү жайгашкан. Ал Кыргызстандагы, тактап айтканда Токтогул ГЭС каскады, Камбар-Ата-1, Камбар-Ата-2, Үч-Коргон ГЭС, Таш-Көмүр ГЭС жана Шамалды-Сай ГЭСтеринин аймактарындагы маанилүү стратегиялык объекттерди коргогон жалгыз аскер бөлүгү болуп саналат.

**Изилдөөнүн маалыматтары жана методдору**.

Ал эми шаардын көчөлөрү тууралуу айта турган болсок, Кара-Көл шаарындагы көчөлөргө эгемендик жылдарынан кийин жаңы аталыштар берилген. Бирок көчөлөрдү мурунку аталыштар менен атагандар да бар. Улуу муундагы тургундардын айтымында, шаар түптөлгөндө эң биринчи курулган көчөлөрдүн бири Пионерский деп аталган. Учурда Насирдин Исанов атындагы көчө деп аталат. СССР учурунда 15 мамлекеттин ар бир шаарында номур биринчи көчөлөр Пионерский деп аталган.

Насирдин Исанов Кара-Көлдө «Нарынгидроэнергокурулуштун» парткомунун катчысы болуп иштеп, Пионерский көчөсүндөгү №9 үйдө жашаган. Бул үй жалаң парткомдун кызматкерлери үчүн берилген. Н.Исановдон кийин Чынгышев жашаган. Н.Исанов премьр-министр болуп иштеп жатканда жол кырсыктан каза болгондон кийин өкмөттөн «Исанов иштеп, жашаган көчөсүнө» анын ысымы ыйгарылсын деген токтом чыккан. Пионерский көчөсү Н.Исанов көчөсү болуп аталып калган.

Шаар түптөлө баштаганда бул көчөдө жыгач конструкциядан убактылуу котеджder курулуп баштаган. Бул үйлөр бир жылдын ичинде «Нарынгидроэнергокурулушта» иштеп, Токтогул ГЭСти, Кара-Көл шаарчасын курган жетекчилер үчүн курулган.

Ошондой эле «Буржуй городоктун» аталышы бекеринен чыккан эмес. Ал жерде да «Нарынгидроэнергокурулушту» жетектеген жетекчилер, башкы инженерлер З.Серый, К.Хуриев, В.Шевелев , Л.Толкачев, Вилен Шангин, Александр Бритаев өңдүү кызматкерлер жашаган.

Шаардагы көчөлөрдүн аталышы эмне себептен ушундай аталып калганын кээ бир шаар тургундары билбей, сурап калышат. Мисалы, АТК. АТК — бул «Нарынгидроэнергокурулуш» ишканасынын түзүмдүк бөлүмү болгон. Ал автотранспорттук колонна деп аталган. Ошол жерде 1500 миң киши иштеген. Кара-Көл, Токтогул ГЭСтин бардык курулуш материалдары, жабдыктары ошол транспорт менен келген. Ал жерге 100дөн ашык вагон коюлуп, 2-3 үй-бүлө жашаган. Ошондуктан ал жерди кичи район катары «АТК» деп атап коюшкан.

Мындан сырткары 16-квартал деп аталган көчө бар. Ал жерде квартал кварталга бөлүнүп үйлөр курулган. Дагы бир кичи район катары ОРС району деген болгон. Бул жерде жумушту жабдуу бөлүмү жайгашкан. Мында иштеген жумушчулар жакшы тамактансын деп, Москванын өзүнөн каржыланып турган. Шаарда «Седьмой» деп аталган жер болгон. Шаарды курулуш аянтчаларга бөлгөндө ал жерге 7-аянтча деген аталыш туура келген. Ошол себептен «Седьмой» деп аталып калган.

Жол куруучулардын СУУ-875 деген уюму болгон. Ошондуктан уюм жайгашкан жер «ДСР» деп аталып калган. Анын асты жагында ВЛКСМ көчөсү жайгашкан. Жол куруучулар жашай турган 4 үй-бүлөгө ылайыкталган жыгач үйлөр курулган. Бул жерде №5 бала бакча да салынган.

ЛЭП (жогорку чыңалуудагы электр линиясы) жайгашкан жерде №38 механизациялык колонна жайгашкан. Жумушчулар 500 вольттук чоң линиялардын бирин Казакстанга, экинчисин Өзбекстанга тарткан. Ошон үчүн ал жерди «ЛЭП» деп атап коюшкан.

Жумушчулар жогорку чыңалуудагы электр линиясын тартуу үчүн темир бетон мамыларды орнотушкан. Алардын карамагында тик учактар, вездеходдор (жерде жүрүүчү транспорт) болгон. Бул жерде көбүнчө жатак абактагылар эмгектенгени айтылат. Анткени алар бийиктиктен коркпогон, коркуу сезимин жеңген жумушчулар болгон. Мамылардын үстүнө тросторду трактор менен тарткан. Аны адамдын күчү менен тартуу мүмкүн эмес болгон. Салмагы тонналаган тросторду тартуу үчүн бир тирөөчтөн кийинки тирөөчкө чейин жерге түшүп барбай, зым менен басып барышкан. Албетте, мындай ишке алар өздөрүнүн шаймандарын, жабдыктарын, кийимдерин колдонушкан.

Жумушчулар бульдозер менен электр линиясын тартышкан. Мындай жөнөкөй жумушчулардын аты аталбай, сыйлык берилбей калган. Ал эми Клубная көчөсүндө жайкы, кышкы клуб «Юность» жайгашкан. Школьная көчөсүндө мектеп бар болгондуктан ушундай аталыш менен аталып калган. Нагорная көчөсүнүн азыркы аталышы Мамытов, Подгорная көчөсүнүн азыркы аталышы Акынай. Ал эми паркты бойлой кеткен көчөнү Парковая деп аташкан.

**Негизги жыйынтыктар жана анын талкууланышы.** Кыргызстандагы шаарлар өзүнүн келип чыгышы жана өнүгүшү үчүн милдеттүү болгон жердин жана анда жашаган адамдардын уникалдуу айкалышын билдирет. Анткени биз карап жаткан шаарларда өнөр жай өндүрүшүнө байланыштуу калк негизинен коңшулаш аймактардан көчүп келип отурукташып шаар калкын түзүшкөн. Негизги шаарды түзүүчү фактор бул коомдук мамилелер жана шаардык айлана-чөйрө менен байланышкан адамдардын жыйындысы катары шаардык калк, бул чөйрөнү түзүп, шаар чөйрөсүнүн иштешин, өнүгүшүн жана башкарылышын аныктайт.

Заманбап шаар жөнүндө интеграцияланган билим коомдун бир түрүнөн экинчисине өтүү шартында өзгөчө мааниге ээ болот, ошондой эле урбанизация феномени деп аталган - бул универсалдуу көрүнүш, ал бүткүл жер шарында жана бардык өлкөлөрдө байкалат. Дал ушул шааларда жалпы коомдун өнүгүүсүнүн алдыңкы тенденциялары байкалат. Ушул көз караштан алганда, шаар бардык коомдук билимдердин негизи болуп саналат. Чындыгында, ал өзүнүн институттары жана жарандары аркылуу социалдык процесстер жөнүндө билимдерди азыр да, мурун да сиңирип койбостон, физикалык жактан ал жөнүндө бардык маалыматтарды сактай турган жер.

**Жыйынтыктар.** Кыргыз Республикасынын шаар аймактарынын туруктуу өнүгүүсүн баалоо жакында өзгөчө актуалдуулукка ээ болду. Бул тоолуу рельефтин шартында табигый жана техногендик факторлордун өсүшүнө жана глобалдык климаттын өзгөрүшүнө байланыштуу. Ошол эле учурда, Кыргыз Республикасында бир катар жагымсыз экологиялык, социалдык-экономикалык жана техногендик факторлордун жыйындысы менен, шаарлаштырылган тутумдардын өзгөчө түрү татаал рельефте калыптанып жатат. Мунун бардыгы калк жашаган аймактардын (шаар жана айыл аймактары) социалдык-экономикалык өнүгүүсүн жакшыртуу боюнча конкреттүү сунуштарды иштеп чыгууну талап кылат.

**Адабияттардын тизмеси.**

1. Адыл Дарбишев Кара-Көл шаары: кечээ жана бүгүн. https://kara-kul-t.turmush.kg/news:477814
2. Бутузова В.П., Фотченко В.Т. Основные принципы развития экономической базы малых городов// В.П. Бутузова Вопросы преобразования сельского расселения и сельских населенных мест. -М, 1979.
3. Давидович В.Г. Территориальные системы расселения в СССР/ В.Г. Давидович В кн.: Научные проблемы географии населения. -М., 1967.
4. Лаппо Г.М., О путях развития в СССР городов разных типов/ Г.М. Лаппо, Ф.М. Листенгуртп В кн.: Научные проблемы географии населения. -М., 1967.
5. Малес А. Комплексное планирование экономического и социального развития городов и районов[Текст]/ А. Малес, В.И. Нанченко, В.П. Сенченко.- М., 1978:
6. Малый город. Социально-демографическое исследование небольшого города. Отв. ред. Хорев Б.С. -М.: МГУ, 1972.
7. Никифоров Л. В. Социально-экономическая интеграция города и села. (Содержание, цели, пути, условия)/ Л. В. Никифоров -М.: Наука. 1988;
8. Планировка и застройка малых городов. -М., 1975.
9. Руководство по проектированию малых городов в системах расселения. -М,, 1979:
10. Успенский В.И. Об организации культурно-бытового обслуживания в малых и средних городах с учетом потребностей прилегающего района//вопросы градостроительства. / В.И. Успенский.- М., 1965.